**Аскер уулу Нурлан атындагы орто мектебиндеги**

**2021-2022-окуу жылында**

***№ 4 педагогикалык кеңешмесинин протоколу***

**15.01.2022-жыл** **Орто-Суу айылы**

Чогулуштун төрайымы: Акматалиева Н.К.
Катчысы: Койчукенова Ч.К.
Катышкандар: 16 мугалим

**Каралуучу маселелер**

1. II чейректин окуу тарбия иштеринин жыйынтыктары жана билим сапатынын көрсөткүчү.
2. Усулдук бирикменин жетекчилеринин иш кагаздарынын абалы.
3. «Тарбиялык иштердин уюштуруунун жаңы ыкмалары» тегерек стол
4. Ар кандай маселелер

Угулду: Педагогикалык кеңешмени мектептин директору Акматалиева Нуриза ачып, күн тартиби менен тааныштырып II чейректин жыйынтыгыжөнүндө маалымат берүүнү окуу бөлүмүнүн башчысы Бейзееевага тапшырды. Бейзеева өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду: Билим сапаты 1-чейректе 42,4% болсо, 2-чейректе 45% болуп, 2,6%га жогорулаган.Айрым предметтер боюнча жогорулганы байкалган.Класстар боюнча билим сапатын айта кетсем төмөндөгүдөй болду: 1-2-класстарына баа коюлбайт.

3-класста билим сапаты – 69%
4-класста билим сапаты – 46,6%
3-4-класстардын билим сапаты – 55,6%
Катышуусу – 98,5% , жетишүүсү – 100%ды түздү.
5-класста билим сапаты – 28,5%
6-класста билим сапаты – 43,7%
7-класста билим сапаты – 31%
8-класста билим сапаты – 33,3%
9-класста билим сапаты – 31,8%
5-9-класстардын билим сапаты – 33,6%
катышуусу – 98,8% , жетишүүсү – 100%ды түзгөн.
10-класста билим сапаты – 54,5%

11-класста билим сапаты – 37,5%
10-11-класстардын билим сапаты – 46%
катышуусу – 98,1% ,  жетишүүсү – 100%
1-11-класстардын билим сапаты – 45%
катышуусу – 98,4% ,  жетишүүсү – 100%ды түзүп, 1-чейреккесалыштырмалуу билим сапаты 2,6%га жогорулаган. 10-класстын окуучусу Мырзагулов Нурлис жана Усенбекова Арзыкан, 11-класстан Шабданбеков Жайнак  сабакка болгон кызыгуулары күчөгөн. Башталгыч класстарда баалар көтөрүңкү коюлган. Мектеп боюнча бир «3» барлар 11 окуучу, ал эми резервдеги окуучулар 3.  Жарыш сөзгө чыккандар: Математика мугалими Бекболотова Калбюбю: Айрым класстарда окуучулар сабакка кызыгышпайт. Ошол себептүү 8,10,11-класстарда билим деңгээли төмөндөгөн. Класс жетекчилер ата-энелер менен сүйлөшсөңүздөр, балдар сабакта уктагысы келип шалдырап отурушат. Түнкүсүн кафе-ресторандарда иштейт деп угуп жатам. Көбүнчө жогорку класстын окуучулары иштешет экен. 10-класстын класс жетекчиси Кыдырмаева Диана: Биз ата-энелердин колунан тил кат алганбыз, менин окуучуларым иштешпейт. Бирок Сапарбаева Жазмина сабакты көп калтырып жатат. Ата-энеси Россияда, кыз болсо ата, апасына баш бербейт экен. Сабактан дайыма кечигет, чара колдонуш керек болуп жатат.
Англис тили мугалими Каданбаева Адила да төмөндөгүлөргө токтолду: Менин классымда Джекшенбеков Абдулла жана Уланбеков Ырыскелдинин тартиптери эң начар. 10-класстагы Уланбеков Нурадил да балдарды чогултуп алып эле, дүкөнгө жумшайт, урат экен. Сабак учурунда залда жүрөт.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

1. Iжарым жылдыкта жүргүзүлгөн окуу-тарбия иштери канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Билим сапатын жогорулатуу милдети ар бир мугалимге миллдеттендирилсин;
3. Башталгыч класстарда баалар салмактуу коюлсун;
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары Бейзеева Жанарага жүктөлсүн.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**Күн тартибиндеги 2-маселе боюнча**

Башталгыч класстардын бирикмесинин жетекчиси Аманкулова Адина отчетун берди. Декабрь айынын башында башталгыч классынын жумалыгы болуп өттү. Ата-энелер менен биргеликте китепканага сапякат жасашкан, конкурстар өкөрүлгөн. Чыңгыз Айтматовго арналган кечеге катышышты. Башталгыч классынын мугалимдери «Окуу керемт» долбоорунун бир жылдык окуусуна катышып, сертификат алышкан. 2-4-класстын мугалимдери Бейзеева Ж.К., Бообекова Н.Ж. жана Аманкулова А.М. ЖРБББнын адиси У.Абибиллаевнанын катышуусунда ачык сабактарды өтүп беришкен. Сабактар эң мыкты өткөрүлүп, Аманкулова Адина жана Бейзеева Жанара облусттук семинарга да катышмак болушту.

Гуманитардык бирикменин жетекчиси Шералиева В.Э. отчетун берди. Ноябрь айынын аягында бардык предметтер боюнча олимпиада өткөрүлдү. Республикалык, райондук олимпиаданын үлгүсүнүн негизинде түзүлгөн. Декабрь айынын аягында англис тили мугалими Койчукенова Ч.К. 10-класс менен ачык практикалык сабак өттү. Орус тили мугалими Шералиева В.Э. 10-11-класстар менен Д.Лихачевдун 130 жылдык юбилейине арналган конкурска ачык видеосабак өтүп жөнөткөн жана сертификат менен сыйлаып келген.

Ал эми кыргыз тили мугалимдери Кыдырмаева Д.М. жана Бейшебаева З.Т. Мамлекеттик тилдин үч айлыгын жыйынтыкташты. Гуманитардык предметтер боюнча билим үзүндүлөрү алынды.

Так илимдер усулдук бирикмесинин жетекчиси Бектурова С.К. отчет берди. 10-11-класстын эркек балдары мектеп аралык футбол боюнча зоналдык оюнга барып, экинчи орунга ээ болуп келишти. Предметтер арасында олимпиада өткөрүлдү жана канааттандыраарлык көрсөткүчтөрдү беришти.

Бекболотова К.Б. төмөнкүлөргө токтолду. Математика сабагынан 8, 9, 11-класстын балдары такыр окугулары келишпейт. Күзгү талаа жумуштары деп сабакты калтырып жатышты. Кыздары кафе-ресторандарда иштеп жатышыптыр. Сабакта уктап отурушат.Ушул боюнча ата-энелер менен класс жетекчилер сүйлөшсөңөр.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан**

**Токтом кылат:**

5. Класс жетекчилер ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып барышсын;
6. Окуучулардын сабакка катышуусу көзөмөлдөнсүн жана түнкү рейддер уюштурулсун;
7. Окуу процессин жакшыртуунун үстүндө иштөөгө көзөмөл жүргүзүү директордун окуу тарбия иштери боюнча орун басары Бейзеева Жанарага

жана тарбия иштеринин уюштуруучусу Айдаркулова А.Н.ге милдеттендирилсин.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**

**Күн тартибиндеги 3-маселе**

«Тарбиялык иштердин уюштуруунун жаңы ыкмалары» деген темада Айдаркулова А.Н. мугалимдерге окуу-үйрөтүм, тегерек стол өттү. «Окуучуларды тарбиялоодогу көйгөйлөр жана анын чечүү жолдору» деген темада доклад окулду.

КНМП- анализ жүргүзүлдү. Бул ыкма окуучулар эң жакшы бил ген тема боюнча чыгармачылык ой жүгүртүүгө негизделген. Окуучулар алган билимдерин төрт баскыч боюнча анализдеп чыгышат.

- К – күчтүү жагы
- Н – начар жагы
- М – мүм күнчүлүгү
- П – проблемасы

Мүмкүнчүлүктү колдонуп, начар жагын жоюу.
Күчтүү жагын колдонуп, проблеманы чечүү болуп эсептелет.
Мугалимдер да талкуулап, тажрыйба алмашып жана топ менен иштешип, презентация жасалды. Мугалимдер жамааты өзгөчө жактыруу менен бир добуштан колдоого алышты жана көбүрөөк ушундай окуу-үйрөтүмдөрүн өтүү керек экени сунушталды.

***Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, кеңешме бир добуштан***

**Токтом кылат:**

1. Окулган докладды колдоо менен жогору деңгээлде деп эсептелсин;
2. Класс жетекчилер тарбиялык сааттарында колдонушсун.
3. Жогорудагыларды көзөмөлдөө тарбия уюштуруучусу Айдаркулова А.Н.ге жүктөлсүн.

**Педагогикалык кеңешменин төрайымы:** **Акматалиева Н.К.**

**Педагогикалык кеңешменин катчысы:** **Койчукенова Ч.К.**